# Сагындым жазды.

Сөзү.Бримкул Алыбаев

Обону.Маматсабыр Туташбаев

Аткаруучу Венера Сатылганова.

Сагындым жазды,

Сагындым талаа гүлдөрүн,

Сагындым тоону,

Сагындым торгой үндөрүн.

Кадырын жаздын

Биринчи билдим мен бүгүн

Кайдасың жазым,

Кайдасың келчи сүйгөнүм.

Арманым күчөп,

Арылбай койдум санаадан.

Аппак гүл издейм

Аргымак чапкан талаадан.

Ызгаары кыштын

Ызаалап мени баратат,

Кайдасың жазым,

Кайдасың келчи садагам.

Сагындым жазды,

Сагындым жаштык кезимди,

Сагындым оттуу,

Сагындым назик сезимди.

Үшүтпөй мени

Койнуңа катып жылытчы

Кайдасың жазым,

Кайдасың сүйүү жылдызым.